КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

ПЕДАГОГИКА ФАКУЛЬТЕТИ

«МАКУЛДАШЫЛДЫ»

Окуу башкармалыгынын башчысы

__________Т.Өмүрканов

«___» __________2024-ж.

«БЕКИТЕМИН»

Окуу иштери боюнча проректор

__________Н.А.Чоробаева

«___» __________2024-ж.

# "КЕНЖЕ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО ЖАНА МОНИТОРИНГИ" ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ

Даярдоонун багыты: 550700 – " Педагогика"

**Даярдоонун профили:**

**"Педагогика жана баштапгыч билим берүүнүн методикасы"**

**"Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн методикасы"**

Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: бакалавр

Окутуу формасы: Күндүзгү

НАРЫН –2024

Жумушчу программа КР ББжИМнин 2021-жылдын 21-сентябрындагы №1578/1 Буйругу менен бекитилген 550700 – Педагогика багыты боюнча ЖКББ МББСынын талаптарына ылайык жана КР ББжИМнин 2023-жылдын 14-сентябрындагы №5058/1 "Көп тилдүү билим берүү программаларын ишке ашыруу тууралуу" буйругунун негизинде түзүлдү.

Жумушчу программаны түзгөн

п.и.к., доц.м.а ______________ Касымова Г.А.

(колу)

3. Педагогика, тарых жана окутуунун технологиясы кафедрасынын 2024-жылдын «___» ______________ №___ протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Кафедра башчысы, п.и.к., доц.м.а. ______________ Султаналиева Ш.К.

(колу)

4. Педагогика факультетинин кеңешинин отурумунда 20___-жылдын «___» ______________ №___ протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Факультеттин деканы, т.и.к., доцент ______________ Эсеналиева Г.Ө.

(колу)

# 1. АННОТАЦИЯ

«Кенже класстын окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин баалоо жана мониторинги» дисциплинасы 550700 – Педагогика багытынын “Башталгыч билим берүүнүн методикасы” профилинин окуу планында кесиптик түрмөктүн негизги болүгүндө (коду: Б.1.3.16.) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны – 60, аудиториялык сааттар – 32, анын ичинде лекция – 16, семинардык сабак – 16 саатты түзөт. Ал эми 28 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 3 кредитти түзөт. Курс 4-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (зачеттук бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семес-три | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. Иш | | |
| Б.1.3.16. | 4 | 3 | 90 | 32 | 16 | - | 42 | зачет |

Бул дисциплинаны өздөштүрүү студенттер үчүн зарыл (адистигине карабастан) кесиптик өзүн өнүктүрүү жана компетенттүүлүккө негизделген кесиптик ишмердүүлүктү ишке ашыруу бүгүнкү күндө абдан актуалдуу болуп саналат.

Жаңы билим берүү стратегиялары жана баалоо системасы. Окуу процессинин компоненттери. Б. Блум боюнча категориялары. Класста ички баалоо. Smart - смарт критерийлери. Калыптандыруучу баалоонун техникалары. Бири-бирин баалоо жана өзүн-өзү баалоо. Окуу жылына карата баалоону пландаштыруу.

## 2. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Дисциплинаны окутуунун максаты:**

башталгыч класстын окууучуларынын жетишкендиктеринин деңгээлдерин аныктоо жана ал үчүн атайын мониторинг жүргүзүү, билгичтиктерине жараша баалоо, баалоонун түрлөрү боюнча байкоо амалдарын иш жүзүнө ашыруу, алардын мүмкүнчүлүктөрүн жана башталгыч класстын окуучулардынын жөнөкөй турмуштук көндүмдөрүнө таянуу менен өз алдынча жетишкендиктери боюнча аныктоо киргизүү, окуу көндүмдөрүн калыптандыруу менен бирге, мектепте билим алууда өздөштүргөн ишмердүүүктөрүн мониторинг аркылуу деңгээлдер боюнча аныктоо аркылуу андан ары окууга, билгичтиктерге ээ болууга мотивациялык даярдыгын камсыз кылуу, ошондой эле бала (бири-бирине жардамдашуу, топто, жупта иштөөдө активдүүлүктү көрсөтө билүүсүнө жетишүү) деген социалдык позицияны кабыл алууга, алардын жетишкендиктерин жана жалпы жетишкендиктерди туура, калыс баалоодо демократиялык түшүнүктү камсыздоо, сабакка, билим алууга, материалдарды өздөштүрө билүүгө, окууга керектелүүчү билгичтиктерди жана көндүмдөрдү, билимди, сапаттык тажрыйбаларды өздөштүрүүсүн колдоого алуу.

***Дисциплинанын милдеттери*:**

- студенттерде башталгыч класстын окуучуларынын жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү жана аны баалоонун маңызы жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- келечектеги башталгыч класстын мугалиминин маданиятын, эрудициясын өстүрүү жана педагогикалык кесипке көздөгөн чыгармачыл, активдүү аракетин калыптандыруу;
- студенттерди балдардын жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүүдө, башталгыч класстын окуучулары жана мугалимдер менен баарлашуусун калыптандырууга үйрөтүү;
- студенттерди окуучуларды окуудагы жетишкендиктеринин алгачкы жана кийинки өздөштүрүп жаткан билимдеринин ортосундагы үзгүлтүксүздүктү камсыз кылууга калыптандыруу;
- студенттерди өзүнүн жетишкендиктерин өзү көзөмөлдөп жана андан өзү жыйынтык чыгара алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө калыптандыруу;
- студенттерди баланын жетишкендиктерин камсыздоо үчүн үй-бүлөсү менен тыгыз байланышты орнотууга багыт берүү;

- студенттерде балдардын окуу билгичтиктеринин жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү жана баалоо компоненттерин калыптандырууга багыт берүү;
- студентке байкоо жана баалоо тажрыйбасын топтоого багыт берүү.

## 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Кенже класстын окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин баалоо жана мониторинги» дисциплинасы **550700** – Педагогика багытынын **“Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы”** профилинин окуу планында **кесиптик түрмөктүн негизги бөлүгүндө** (Б.1.3.16.) орун алган. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо жагындагы билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган билим берүүнүн сапатын ченеп-өлчөөнүн ырааттуу жана ишенимдүү системасын калыптандыруу, ошондой эле билим берүү системасын туруктуу жакшыртуу үчүн мониторинг жана баалоо системасын киргизүүнү көздөйт.

**2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптандырылган компетенциялар**

| Коду | Дисциплинанын аталышы | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу, кредиттерде | Калыптандырылган компетенциянын коду |
|---|---|---|---|---|
| Б.3.1.1. | Психология | 1,2,3 | 3,3,4 | КК-1; КК-11; КК-15; КК-17 |
| Б.3.1.2. | Педагогика | 1, 2, 3 | 3,3,4 | КК-1; КК-2; КК-7; КК-9 |

«Кенже класстын окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин баалоо жана мониторинги» дисциплинасын окуп-үйрөнүп аягына чыккан соң студенттер баланын өнүгүү деңгээлине диагностикалык баалоо жүргүзөт. Окуучунун ишмердүүлүгүн баалоонун методдорун жана формалары менен тааныш болушат. Баалоонун түрлөрү, критерийлери, индикаторлору жөнүндө түшүнүк алышат. Мониторинг жүргүзүүнүн ыкмаларын практикалашат окуу процессин пландаштырууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү кесиптик даярдыкка жетишишет.

# 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**550700** – Педагогика багытынын **“Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы”** профили боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК), шаймандык (ШК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш. “Кенже класстын окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин баалоо жана мониторинги” окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси 3-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**3-жадыбал. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар**

| Коду | Компетенциянын мазмуну |
|---|---|
| КК-2 | Методикалык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдерди, методдорду, технологияларды жана окутуу ыкмаларын) билет жана билим берүүнүн сапатын баалоо технологияларын колдоно алат |
| КК-7 | Кесиптик рефлексиянын негизинде өзүнүн өнүгүүсүнө багытталган милдеттерди коюуга жөндөмдүү |

Аталган дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттерде калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү 4-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**4-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү**

| Коду | Компетенциянын аталышы | Компетенциянын түзүүчүлөрү | |
|---|---|---|---|
| КК-2 | Окуу-тарбиялоо процессинин сапатын камсыз кылуу үчүн азыркы усулдарды жана технологияларды, окуучулардын жетишкендиктерин аныктоо усулдарын колдонууга даяр | Билет: | Окутуунун заманбап моделдерин, методдорун, технологияларын жана усулдарын |
| | | Кыла алат: | Методикалык маселелерди чечүүдө педагогикалык технологияларды тандап жана ишке ашыра алат |
| | | Ээ болот | Билим берүүнүн сапатын баалоо технологияларын (тестирлөө, мониторинг) билим берүү процессинде колдонуп ишмердүүлүк жүргүзөт |
| КК-7 | Окуучулардын жетишкендигин социалдык жана билим деңгээлин ар түрдүү ыкмалар менен сыйлоо жолдорун билүүгө жөндөмдүү | Билет: | Окуучулардын социалдык тажрыйбасын жана жеке жетишкендиктерин эске алуу менен, аларды мотивациялоочу баалоо ыкмаларын (мактоо, грамота, портфолио ж.б.) |
| | | Кыла алат: | Ар кандай билим деңгээлиндеги окуучулар үчүн дифференцияланган, адилеттүү баалоо критерийлерин иштеп чыгат жана колдонот. |
| | | Ээ болот | Окуучу окуучулардын социалдык чөйрөсүнө жана өзгөчөлүктөрүнө жараша, алардын ийгиликтерин моралдык жана материалдык колдоо (сыйлоо) аркылуу мотивациясын жогорулатуу жолдорун негиздей алат |

## 5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

**5-жадыбал. Окуу дисциплинасынын көлөмү жана окуу ишинин түрлөрү**

| **Окуу ишинин түрү** | **Саттардын көлөмү** |
|---|---|
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 90 |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 48 |
| Анын ичинде: | |
| Дарстар | 32 |
| Практикалык сабактар | 16 |
| Студенттин өз алдынча иши (бардыгы) | 42 |
| Анын ичинде: | |
| практикалык сабактарга тапшырмаларды даярдоо | |
| жүзачарларды (презентацияларды), рефераттарды, баяндамаларды, кластер, коцептуалдык карта даярдоо | |
| модулдук текшерүүлөргө, экзаменко даярдануу | |
| Жыйынтыктоочу аттестация: | зачет |

### 5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну.

Дисциплинанын мазмунун чагылдыруучу, окуу иштеринин түрлөрү боюнча түзүлгөн жана окуу планына ылайык алардын көлөмдөрүн көрсөткөн тематикалык план 8-жадыбалда берилген. Студенттерден мына ошол мазмунду толук өлчөмдө өздөштүрүү талап кылынат.

**«Кенже класстын окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин баалоо жана мониторинги» дисциплинасы боюнча окуу-тематикалык план**

| Лекциялардын темасы | Лекциялардын мазмуну | Сааты |
|---|---|---|
| **Лекция №1 Жаңы билим берүү стратегиялары жана баалоо системасы** | 1. Киришүү, максаты,милдети<br>2. Жаңы билим берүү стратегиялары жана баалоо системасы.<br>3. Билим берүү процессинде баалоонун орду<br>4. Педагогикалык баалоонун объектиси жана предмети<br>5. Калыптандырулуучу компетенциялар | **2** |
| **Лекция №2 Педагогикалык баалоонун принциптери, функциялары** | 1. Педагогикалык баалоонун принциптери жана функциялары<br>2. Педагогикалык баалоонун сандык жана сапаттык белгилери | **2** |
| **Лекция №3 Окуу процессинин компоненттери** | 1.Класста ички баалоо жана окутуу процессин уюштуруу.<br>2. Баалоо окутууну өркүндөтүүнүн контекстинде | **2** |
| **Лекция №4 Б. Блумдун ой жүгүртүү билгичтиктеринин таксономиясы жана аффективдик жактан коюлган окуу максаттарынын категориялары** | 1. Билүү;<br>2. Түшүнүү;<br>3. Колдонуу;<br>4. Анализ;<br>5. Синтез;<br>6. Баалоо;<br>1.Кабыл алуу;<br>2.Мамиле жасоо;<br>3.Баалуулук мамилесин өздөштүрүү;<br>4. Баалуулук мамилесин уюштуруу; | **2** |

| | | |
|---|---|---|
| | 5. Баалуулук мамилесин иш-аракетке айландыруу | |
| **Лекция №5 Класста ички баалоо** | Баалоонун түрлөрү:<br>Диагностикалык баалоо<br>Формативдик баалоо<br>Суммативдик баалоо | **2** |
| **Лекция №6 SMART - СМАРТ критерийлери** | 1. Мектеп практикасында баалоонун критериалдык системасы<br>2. Критериалдык баалоонун формалары<br>3. Кайтарым байланыш | **2** |
| **Лекция №7 Калыптандыруучу баалоонун техникалары** | 1. «Редактордук кеңеш»<br>2. «Суроолор» (Сабакты жыйынтыктоо)<br>3. «Билим пирамидасы»<br>4. «Билем пирамидасы»<br>5. «Сүйлөмдү толукта»<br>6. «Чыгармачылык дарагы» | **4** |
| **Лекция №8 Бири-бирин баалоо жана өзүн-өзү баалоо** | 1. Артыкчылыктары<br>2. Класстагы иш<br>3. Бири-бирин контролдоонун/бири-бирин баалоонун варианттары | **2** |
| **Лекция №9 Окуу жылына карата баалоону пландаштыруу** | 1. Иштин түрү<br>2. Формалары<br>3. Чейректеги иштердин саны<br>4. Суммативдик баалоо | **2** |
| **Лекция № 10 Биринчи классты баалоонун өзгөчөлүгү** | 1. Мектептик баскычтагы чыгармачылык баалоо<br>2. Башталгыч класстарда баалоонун өзгөчөлүгү<br>3. Окуу техникасы критериалдык баалоодо кандайча текшерилет? | **4** |

| | | |
|---|---|---|
| **Лекция №11 Педагогикалык тест жана педагогикалык тертирлөөнү баалоо** | 1.Педагогикалык тесттин мааниси<br>2.Окутуунун жыйынтыктарын баалоодо окутуучу тесттер<br>3.Тест = тапшырма+эталон+баалоо системасы | **2** |
| **Лекция №12 «Кейс-ыкмасы»** | 1. «Кейс-ыкмасынын» мааниси жана тушунугу<br>2. Кейс технологиясын пайдалануу,структурасы, негизги критерийлери | **2** |
| **Лекция №13 Портфолионун окуудагы жана баалоодогу мүмкүнчүлүктөрү** | 1.Портфолионун мааниси<br>2.Портфолионун түрлөрү | **2** |
| **Лекция №14 Окуу процессиндеги шыктандыруу** | 1. Шыктандыруу<br>2. Окуу процессинде шыктандыруунун мааниси | **2** |
| **Жыйынтыгы** | | **32 саат** |

**Практикалык сабактар**

| № | Практикалык сабактардын темасы, мазмуну | Сааты |
|---|---|---|
| 1. | **Тема 1 Билим берүү стратегиялары жана баалоо системасы**<br>1.Киришүү, максаты,милдети<br>2.Жаңы билим берүү стратегиялары жана баалоо системасы.<br>3.Билим берүү процессинде баалоонун орду<br>3.Педагогикалык баалоонун объектиси жана предмети<br>5.Калыптандырулуучу компетенциялар<br>6.Педагогикалык баалоонун принциптери жана функциялары<br>7.Педагогикалык баалоонун сандык жана сапаттык белгилери | **2** |
| **2** | **Тема 2 Баалоо окуу процессинин компонентти катары**<br>1.Класста ички баалоо жана окутуу процессин уюштуруу.<br>2.Баалоо окутууну өркүндөтүүнүн контекстинде<br>3. Б. Блумдун ой жүгүртүү билгичтиктеринин таксономиясы жана аффективдик жактан коюлган окуу максаттарынын категориялары | **2** |
| **3** | **Тема 3 Класста ички баалоо SMART - критерийлери**<br>1.Баалоонун түрлөрү: диагностикалык, формативдик жана суммативдик баалоо<br>2.Критериалдык баалоо системасы<br>3. Критериалдык баалоонун формалары<br>4.Кайтарым байланыш | **2** |
| **4** | **Тема 4 Калыптандыруучу баалоонун техникалары**<br>1.«Редактордук кеңеш»<br>2.«Суроолор» (Сабакты жыйынтыктоо)<br>3.«Билим пирамидасы»<br>4.«Билем пирамидасы»<br>5.«Сүйлөмдү толукта»<br>6.«Чыгармачылык дарагы» | **4** |

| | | |
|---|---|---|
| **5** | **Тема 5 Баалоо жана аны пландаштыруу**<br>1.Артыкчылыктары<br>2.Класстагы иш<br>3.Бири-бирин контролдоонун/бири-бирин баалоонун варианттары<br>4.Иштин түрү, формалары<br>5. Чейректеги иштердин саны | **2** |
| **6** | **Тема 6 Биринчи классты баалоонун өзгөчөлүгү**<br>1.Мектептик баскычтагы чыгармачылык баалоо<br>2.Башталгыч класстарда баалоонун өзгөчөлүгү<br>3.Окуу техникасы критериалдык баалоодо кандайча текшерилет? | **4** |
| **7** | **Тема 7 Тест жана «Кейс-ыкмасы»**<br>1.Педагогикалык тесттин мааниси<br>2.Окутуунун жыйынтыктарын баалоодо окутуучу тесттер<br>3.Тест = тапшырма+эталон+баалоо системасы<br>4.Кейс технологиясын структурасы, негизги критерийлери жана колдонуу | **2** |
| **8** | **Тема 8 Портфолио жана окуучуларды шыктандыруу**<br>1.Портфолионун мааниси<br>2.Портфолионун түрлөрү<br>3. Шыктандыруу<br>Окуу процессинде шыктандыруунун мааниси | **2** |
| **Жыйынтыгы** | | **16 саат** |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин темалары**

1. Окуу процессинин компоненттери. Класста ички баалоо жана окутуу процессин уюштуруу. Баалоо окутууну өркүндөтүүнүн контекстинде
2. Жазуу жүзүндөгү кайтарым байланыш
3. Критериалдык баалоонун формалары
4. Калыптандыруучу баалоонун техникалары
5. Бири-бирин баалоо жана өзүн-өзү баалоо
6. Күнүмдүк байкоо жүргүзүүнүн мүнөздөмөсү.
7. Педагогикалык контролдоонун түрлерү менен педагогикалык баалоонун түрлөрүнүн ортосунда салыштыруу жүргүзгүлө. Окшош жана айырмачылыктарын аныктагыла.
8. Окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоо боюнча ички жана сырткы (эл аралык)
   салыштырма изилдөөлөрдүн ролу кандай?
9. Диагноздоочу баалоого аныктама бергиле.
10. СМАРТ критерийлери
11. Мугалимдин диагноздоочу баалоону колдонуусуна мисалдарды келтиргиле.
12. Чейректе күтүлүүчү натыйжаларды баалоонун план-матрицасы
13. Портфолионун окуудагы жана баалоодогу мүмкүнчүлүктөрү
14. Тематикалык портфолионун үлгүсү
15. Биринчи классты баалоонун өзгөчөлүгү мектептик баскычтагы чыгармачылык баалоо
16. Окуу техникасы критөриалдык баалоодо текшерүү
17. Ой жүгүртүү көндүмдөрдүн ыраатты (Б. Блумдун таксономиясы)
18. Окуучуларды шыктандыруунун турлөрү
19. Баяндаманын артыкчылыктары (кызык мисалдар, тажрыйбалар, фактылар)
20. Окуучуларды кызыктыруучу кошумча материалдар
21. «Өзүн-өзү текшерүү дептеринин» болжолдуу формасы

22.Кыргыз тили сабагында баалоонун критерилерин түзүү
23.Математика сабагында баалоонун критерилерин түзүү
24.Мекен таануу сабагында баалоонун критерилерин түзүү
25.Адабий окуу сабагында баалоонун критерилерин түзүү
26.Адеп сабагында баалоонун критерилерин түзүү
27.SWOT анализ түзүү
28.Чет өлкөлөрдөгү билим берүү жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо системасы

**Өз алдынча иштин максаты:**

Студентти пассивдүү билим алуучудан активдүү,чыгармачыл инсанга айлантуу, пайда болгон проблеманын үстүндө ой жүгүртүү, пландоо, планды ишке ашыруу үчүн, максат, милдеттерди аныктоого үйрөтүү. Тандалган натыйжа туура экенин далилдөөгө көнүктүрүү.

Окуу процессиндеги өз алдынча иш ар бир студенттин өз алдынча иштөөгө көнуктүрүүчү, окуу-илимий иштөөгө, өз көз карашы менен таанууга багытталат.

НМУда студенттердин өз алдынча иштери алардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө жана калыптанышына чоң таасирин тийгизет. Ар бир семестрда бир тема өз алдынча изилдөө үчүн берилет.Бул тема боюнча адабияттар, болжолдуу пландары, теория жана практиканы айкалыштыруу менен материалды системага салуу талап кылынат.

Семестрдин башында ар бир студент бирден тема тандап алат,ал темада окутуунун бир канча методу жана семестрдагы өтулгөн темалар камтылышы зарыл. Тапшырманы аткаруу менен студент өз алдынча чыгармачылык менен изденүүгө, жаңы кызыктуу,кошумча жаңылыктарды колдонууга мүмкүнчүлүк алат. Иштин планын түзүүдө планды студент окутуучу менен талкуулап алышы керек.

Студенттин өз алдынча ишине ар бирине жекече тапшырма берилет. Консультация жана текшерүү ( СӨИ )сабактан сырткаркы убакта (семестр убагында) жүргүзүлөт.Консултация алуу менен СӨИ ни ар бир студент өз алдынча изденет. Студент бир модулга бир СӨИ даярдайт.

Өз алдынча ишти өз убагында жана сапаттуу аткаруу үчүн көңүл коюу менен иш алып баруу керек. СӨИ төмөндөгү эреженин негизинде жүргүзүлөт.

**Тапшырманы аткаруунун ирээти:**

1. Берилген тема боюнча материалдырды чогултуу;
2. Тема боюнча план түзүү;
3. Материалдарды системага келтирүү;
4. Реферат же конспект түзүү, анализдөө, изилдөө.
5. Корутунду:Жыйынтык чыгаруу;
6. Аудиторияда презентация жасоо, теманы жактоо.

**СӨИ кантип даярдоо керек?**

1. Титулдук барак (Окуу жайдын аты, факультети, бөлүмү,тайпасы,дисциплинанын аты,тема,аткарган студенттин ФА,текшерген окутуучунун ФА)
2. План, максат
3. Теманын берилиши (мазмун, изденүү)(7-8 барактан кем эмес)
4. Жыйынтыктоо же корутунду
5. Колдонулган адабияттар
6. Калыптандырылган компетенция
7. Документтин аягы

Студент сабактарды калтырбай катышууга милдетүү, бул (УРТ) да эске алынат.Студент СӨИ аткарбаса, же 0 балл болсо РРК га катыша албайт.Жыйынтыктоочу баалоого (СӨИ+УРТ+РРК) бааллдын суммасы алынат.

## СУНУШТАЛУУЧУ АДАБИЯТТАР

| **Негизги адабияттар** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Автордун фамилиясы,аты | Окуу-методикалык китептердин аталышы | Басмага чыккан жылы | Китептердин саны | |
| | | | Китепкана да | Кафедрада |
| С.К.Калдыбаев, А.М.Мамытов, С.И.Иптаров | Педагогикалык баалоонун негиздери. Бакалавр даярдоо боюнча окуу куралы-180б | Б.: KIRLand 2014. -152 б. | 20 | 4 |
| С.Хамзина, А.Буркитова, М.Мыкыева | БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ БААЛОО Окутуу модулуна тиркеме,152-б. | Б.: KIRLand 2014. -152 б. | 20 | 4 |
| А.А.Алимбеков, А.М.Мамытов, С.И.Иптаров | Окутууда формативдик баалоонуу колдонуу | Б.: KIRLand 2014. -76 б. | 20 | 4 |
| Хамзина С., Буркитова А., Мыкыева М | Оценивание в начальной школе. Приложение к обучающему модулю. | -Б.: KIRLand 2014. -152 б. | 20 | 4 |
| Калдыбаев С.К., Мамытов А.М., Иптаров С.И | Основы педагогического оценивания: Учебное пособие по подготовке бакалавров (направление “педагогическое образование”) | - Б.: KIRLand 2014. -180 б. | 20 | 4 |
| Быковченко Н.С., Романова Т.Н., Курманова А.И. идр. | Доступная среда: Методическое пособие для общеобразовательных организаций | -Б.: -2015, -С 50 | 20 | 4 |

**“Кенже класстын окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин баалоо жана мониторинги” дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн жыйынтыктары боюнча жыйынтыктоочу (семестрдик) текшерүүнүн (экзамендин) суроолору**

1. Жаңы билим берүү стратегиялары жана баалоо системасы
2. Жаңы билим берүү стратегиялары жана баалоо системасы. Билим берүү процессиндеги баалоонун орду
3. Окуу процессинин компоненттери. Класста ички баалоо жана окутуу процессин уюштуруу. Баалоо окутууну өркүндөтүүнүн контекстинде
4. Блумдун ой жүгүртүү билгичтиктеринин таксономиясы
5. Б. Блум боюнча аффективдик жактан (аффективдик максаттар) коюлган окуу максаттарынын категориялары
6. Класста ички баалоо
7. Баалоонун түрлөрү: диагностикалык, формативдик жана суммативдик баалоо
8. Салттуу окутууда жана баалоонун инсанга багытталган түрүндө максаттарды коюу
9. СМАРТ критерийлери
10. «Окуучуларды баалоо критерийлери» көнүгүүсү
11. Критериалдык баалоонун формалары
12. Жазуу жүзүндөгү кайтарым байланыш
13. Кайтарым байланыштын үч түрү (оозеки жана жазуу)
14. Калыптандыруучу баалоонун техникалары
15. Калыптандыруучу баалоонун техникаларынын мисалдары
16. Бири-бирин баалоо жана өзүн-өзү баалоо
17. Окуу жылына карата баалоону пландаштыруу
18. Көндүмдөрдү баалоодо калыптандыруучу же суммативдик баалоонун мааниси эмнеде?

19. Суммативдик баалоого аныктама бергиле. Суммативдик баалоону мугалим качан колдоноруна мисалдарды келтиргиле.
20. Педагогикалык баалоого карата «ыкма», «метод», «форма» түшүнүктөрүнүн анализи.
21. Күнүмдүк байкоо жүргүзүүнүн мүнөздөмөсү.
22. Анкета жана сурамжылоонун айырмасы жана окшоштуктары.
23. Педагогикалык баалоодогу оозеки методдордун мүнөздөмөсү.
24. Педагогикалык баалоодогу жазуу методдорунун мүнөздөмөсү.
25. Окуу процессинде оозеки жана жазуу методдорун колдонууга мисал келтирүү. Ар бир методго төмөнкүдөй аракеттер аткарылуусу тийиш: а) максатын коюу; б) каражаттарын даярдоо; в) демонстрациялоо; г) жыйынтыкка келүү.
26. Педагогикалык контролдоонун түрлерү менен педагогикалык баалоонун түрлөрүнүн ортосунда салыштыруу жүргүзгүлө. Окшош жана айырмачылыктарын аныктагыла.
27. Окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоо боюнча ички жана сырткы (эл аралык) салыштырма изилдөөлөрдүн ролу кандай?
28. Диагноздоочу баалоого аныктама бергиле.
29. Мугалимдин диагноздоочу баалоону колдонуусуна мисалдарды келтиргиле.